**ОшМУнун Философия жана политология кафедрасынын кафедра башчылыгына талапкер А. Ы. Эргешовдун кафедранын ишмердүүлүгүнө карата түзгөн программасы (5-жылдык).**

“Ош МУнун 2023-2026-жылдарга карата туруктуу өнүгүүнүн модели” стратегиялык программасынын негизинде философия жана политология кафедрасында негизги максаты болуп студенттерге билим берүү менен гана чектелбестен алардын келечекте ийгиликтерге жетүүсүнө багытталган жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү саналат.

**Негизинен кафедра үч багыттуу иш алып барат: окуу-усулдук, илимий жана тарбиялык.**

**Илимий багыт боюнча:**

1. Кафедранын бекитилген илимий темасы боюнча иш алып баруу;
2. Илимий изилдөөнүн сапатын жана өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу;
3. Кафедрадагы илим изилдөөчүлөргө жана аспиранттарга дисертациялык иштерин коргоо маселелери боюнча иш-аракеттерди алып баруу;
4. Рейтинги жогору Scopus, Web of Science, РИНЦ ж.б. индекстелүүчү системаларда катталган эл аралык басылмаларда илимий багыттагы эмгектерди жарыкка чыгаруу жана алдыңкы эл аралык конференцияларда баяндамаларга катышуу;
5. Эл аралык деңгээлдеги жана жергиликтүү илимий-теориялык жана практикалык конференцияларга, семинараларга катышуу жана илимий макалаларды жарыялоо;
6. Кафедра изилдөөгө алган илимий темага ылайык студенттер, аспиранттар, магистранттар, илимий изилдөөчүлөр жана окумуштуулар менен биргеликте ар түрдүү тегерек столдорду, дискуссияларды, диспуттарды уюштуруу;
7. Атайын гранттар менен иштөө;

8. Патент алуу;
9. Эл аралык илимий программаларга катышуу;
10. Алдыңкы чет өлкөлүк университеттер, илимий борборлор жана эл аралык уюмдар менен илимий-инновациялык изилдөөлөр, ойлоп табуулар тармагында өнөктөштүктү өнүктүрүү;
11. Таланттуу жаш окумуштууларга дем берип кызыктыруучу системасын уюштуруу.

**Окуу-усулдук иштер боюнча:**

1. Кафедра тарабынан окутулган дисциплиналардын ОМКларын адистиктеридин НББПынына карап жана зарыл болгон кесиптик компетенцияларды эске алуу менен дисциплиналардын мазмунун түзүү;
2. Окуу процесстеринде окутуунун жаңы технологияларын колдонууну ишке ашыруу;
3. Окуу-усулдук колдонмолорду, окуу куралдарды чыгаруу жана электрондук окуу куралдарын түзүү;
4. Кафедранын мүчөлөрүнүн лекциялык жана семинардык сабактарынын иштелмелерин кафедранын кеңешмесинде талкуудан өткөрүп туруу;
5. Жаш мугалимдерге семинар, ачык сабактарды уюштуруу;
6. Өз ара сабактарга катышууну жогорулатуу;
7. Окутуучуларды мобилдүүлүк программасы боюнча чет өлкөлүк окуу жайлардан тажырыйба алмашууларын күчөтүү аркылуу ОшМУнун академиялык беделин көтөрүү;
8. Кафедранын окутуучуларын студенттердин тандоосуна шарт түзүү;
9. Кафедрада окутулган предметтер боюнча студенттерди эл аралык жана республикалык олимпиадаларга даярдоо жана катыштыруу;

10. Профессордук –окутуучулук курамды компетенттүүлүгүн эмгек рыногунун талаптарынын сферасында жогорулатуу, семинарлар, квалификациясын жогорулатуу курстарына катыштыруу;
11. Профессордук–окутуучулук курамдын тилдерди билүү даярдыктарын жогорулатуу. Көп тилдүү билим берүүнү колдоо. Тилдик курстарга катышууларын колдоо, Сертификаттарды алууларына көмөктөшүү.

**Тарбиялык иштер боюнча:**

1. Ар түрдүү спорттук мелдештерге катышуу;
2. Жаштарда патриоттуулукту, жарандык жоопкерчиликти, руханий маданиятты, улуттук таалим - тарбияны, салттуулукту сактоо сезимдерин калыптандыруу;
3. Студенттер арасында ар түрдүү тарбиялык иш чараларды уюштуруу;
4. Тажырыйбалуу улуу муундун өкүлдөрү менен жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү.
5. Студенттер үчүн «Үй-бүлө куруага карата» лекцияларды уюштуруу жана өткөрүү;
6. СПИД, туберкулез, наркомания, алкоголизм, ж.б. көйгөйлөр боюнча атайын врач жана тиешелүү адистер менен баарлашуу, лекция, кечелерди студенттер арасында уюштуруу жана өткөрүү.